№ 1 Педкеңешмеде кабыл алынды:
« 14 » 09 2021-ж.

Бекитемин:
Мектеп директору:
А.А.Карагулова

# Мектеп кызматкерлерин моралдык жана материалдык сыйлоо жөнүндө жобо

## 1.Жалпы маалымдоо

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 145-беренесинин жана Кыргыз Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майдагы №270 токтомунун негиздеринде мектепте ийгиликтүү иштеген кызматкерлерди моралдык жана материалдык жактан сыйлоо , колдоо көрсөтүү, мотивациялоо максатында иштелип чыкты.

## 2.Сыйлоонун түрлөрү:

- Ыраазычылык билдирүү
- Акчалай сыйлык берүү
- Баалуу белек тапшыруу
- Ардак грамота менен сыйлоо
- Мамлекеттик сыйлыктарга көргөзүү

## 3.Сыйлоонун критерийлери:

- Ишин сапаттуу аткарса, мугалимдер үчүн өткөрүлгөн ар кандай сынактарга активдүү катышса;
- Окуучулары райондук, облустук, республикалык олимпиадаларда байгелүү орунга ээ болсо;
- Коомдук иштерге, мектепте уюштурулган иш чараларга активдүү катышса;
- ЖРТ боюнча окуучулары жогорку балл алса;
- Окуучулары ар түрдүү сынактарга катышып, байгелүү орун алса;
- Мектептин жетишкендиктерине, өнүгүүсүнө салым кошсо;
- МТБны чыңдоого демөөрчүлөр менен алгылыктуу иш жүргүзсө;

## 4.Сыйлоонун жолдору:

**4.1.**Мектепте сыйлоо боюнча комиссия түзүлөт.

4.2.Комиссиянын мүчөсүнө порофком, ОТИб.д.о.б, Тарбия и.б.д.о.б, чарба и.б.д.о.б., УК жетекчиси кирет.

4.3.Комиссия өзүнүн ишин жобого ылайык, КР нын мыйзамдарына таянып жүргүзөт.

4.4.Комиссиянын максаты : Өз убагында туура, так, ачык, адилеттүү чечим кабыл алып, мектеп кызматкерлерине сыйлык берүү тууралуу педкеңешмеде билдирет жана чечим чыгарылат.

4.5.Кабыл алынган чечимдин негизинде, мектеп директорунун буйругу чыгарылат.

4.6 Жобо жаңы жобо кабыл алганга чейин колдонулат.